2025-2026-ОКУУ ЖЫЛЫНА КАРАТА ЖАҢЫ КАДАМДАР.

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК СТАНДАРТЫ

12 жылдык билим берүү системасы

14.03.25-Ж КР МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН №131 ТОКТОМУНУН НЕГИЗИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК СТАНДАРТЫН БЕКИТТИ

МАКСАТЫ:

ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ МЕЙКИНДИГИНДЕ ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН ЖАНА ТААНЫЛГАН УЛУТТУК ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН КУРУУ, ГЛОБАЛДЫК АТААНДАШТЫККА ЖӨНДӨМДҮҮ БОЛУУГА МҮМКҮНДҮК БЕРҮҮ, УЛУТТУН СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ МУРАСЫН САКТООНУ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУЧУ САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮГӨ КООМДУН МУКТАЖДЫКТАРЫН КАНААТТАНДЫРУУ

Мамлекеттик билим берүү стандарт төмөнкүдөй максаттарда иштелип чыкты::
1. Эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграцияланган жана таанылган жалпы билим берүүнүн улуттук системасын түзүү; **2. Билим берүүнүн деңгээлдеринде даярдоонун базалык талаптарын, окутуунун максаттарын, натыйжаларын компетенттүүлүк негизде аныктоо;**
3. Глобалдашкан, тез өзгөргөн коомдо табигый-илимий жана математикалык багыттарды башка дисциплиналар менен предметтик аралык байланыштар аркылуу жашоо үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү калыптандырып, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу маданиятын жана табият менен таттуу мамиледе жашоого даярдоо
4. Жалпы жарандык аң- сезимди күчөтүү менен жоопкерчиликти, мекенчилдикти, улуттук адеп-ахлактык негиздерге таянган,тарбиялык жана социалдык-гуманитардык дараметин күчөтүү;
5. Профилдик окутууну киргизүү менен кесипке карата багытты күчөтүү аркылуу өз кесибин туура тандаган муунду чыгаруу
6. Билим берүү менен жалпы камтууну жана окутуу үчүн бирдей баштапкы мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;
7. Билим берүү процессинин катышуучуларынын мектептик жалпы билим берүүнүн максаттарына жетишүүдөгү жоопкерчилик чөйрөсүн бекемдөө;
8. Мамлекеттик билим берүү стандарты- суроо-талаптарга ылайык зарылдыгына жараша кайра каралып жана жаңыланып турат

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ:

1.Инклюзия жана гендердик теңчилик принциптеринде бардык балдардын бирдей жана жеткиликтүү билим алуусун камсыз кылуу

2. Коопсуз жана өнүктүрүүчү окутуу чөйрөсүн түзүү

3. Дени сак жашоо мүнөзүн калыптандыруу жана жайылтуу

4. Баалуулуктар менен тарбиялоонун шайкеш келиши

5. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана туруктуу колдонуу.

6. Негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу

7. Окуучулардын заманбап илимий дүйнө таанымын калыптандыруу

8. Окуучуларга адам менен табияттын гармониялуу жасшоосунун аң-сезимдүү түшүнүүсүн камсыз кылуу

МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ НЕГИЗГИ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮН ТИЗМЕСИН ЖАНА КАЛЫПТАНУУ ДЕҢГЭЭЛИН АНЫКТАЙТ.

- Негизги компетенттүүлүктөр – социалдык, мамлекеттик, кесиптик тапшырыкка ылайык аныкталуучу, көп функциялуулукка ээ болгон жана предметтен жогору турган (предметке караганда кеңири, надпредметный), окуу предметтеринин базасында жүзөгө ашырылуучу жана окуучулардын социалдык тажрыйбасына негизделген билим берүүнүн өлчөнүүчү натыйжалары.

НЕГИЗГИ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРДҮН АЛКАГЫ «МОДУЛДУК УЯ» МАМИЛЕСИНЕ НЕГИЗДЕЛГЕН, НЕГИЗГИ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮН 4 ТҮРҮ МЕНЕН БЕРИЛГЕН:

Таанып-билүүчүлүк-ишмердүүлүк компетенттүүлүк – бул окуучунун курчап турган дүйнөнү өз алдынча, аң-сезимдүү жана өнүмдүү таанып-билүүгө, системалаштырылган билимдердин, жөндөмдөрдүн, көндүмдөрдүн негизинде практикалык ишмердүүлүгүн, ошондой эле өзүнүн таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн жана баалуулук-мазмундук мамиле жасоо жөндөмдүүлүгүн чагылдырган инсандын интегративдик мүнөздөмөсү;

– **Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – бул өнүккөн коммуникативдик көндүмдөрдүн, социалдык эмпатиянын жана этикалык жүрүм-турумдун негизинде окуучунун ар кандай социалдык жана кесиптик контексттерде натыйжалуу инсандар аралык өз ара аракеттенүүгө жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын чагылдырган инсандык интегративдик мүнөздөмөсү;

– **Эмоционалдык-инсандык компетенттүүлүк** – бул окуучунун инсандар аралык өз ара аракеттенүү, өзүн-өзү ишке ашыруу жана социалдык чөйрөнүн өзгөрүп жаткан шарттарына ыңгайлашуу процессинде өзүнүн жана башка адамдардын эмоцияларын билүүгө, жөнгө салууга жана конструктивдүү колдонууга жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын чагылдырган инсандын интегративдик мүнөздөмөсү;

– **Маалыматтык-санариптик компетенттүүлүк** – бул окуучунун маалыматты издөө, талдоо, иштеп чыгуу, түзүү, көрсөтүү жана жайылтуу, ошондой эле санариптик чөйрөнүн шарттарында кесиптик, билим берүү жана инсандык милдеттерди чечүү үчүн санариптик технологияларды, маалыматтык ресурстарды жана медианы натыйжалуу пайдаланууга жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын чагылдырган инсандын интегративдик мүнөздөмөсү.

БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларына ылайык, жалпы билим берүү уюмдары үчүн **базистик окуу планы** (мындан ары – БОП) – милдеттүү предметтердин тизмесин, аларды окутуунун ырааттуулугун, окуу жүктөмүнүн көлөмүн белгилөөчү документ иштелип чыгат, ал төмөнкү деңгээлдер боюнча жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн 12 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген:

– башталгыч жалпы билим берүү: 1-6-класстар (алты жыл);

– жалпы негизги билим берүү: 7-9-класстар (үч жыл);

– жалпы орто билим берүү: 10-12-класстар (үч жыл).

МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ ТӨМӨНКҮДӨЙ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨЛӨРҮНӨ БӨЛҮНӨТ, АЛАРДЫН АР БИРИ БАЗИСТИК ОКУУ ПЛАНЫНДА БЕКИТИЛГЕН ПРЕДМЕТТЕРДЕН ТУРАТ:

— Филологиялык;

— Социалдык;

— Математикалык;

— Табигый-илимий;

— Искусство жана технологиялар;

— Ден соолук маданияты.

БОП беш күндүк окуу жумасында окуучулардын жумалык окуу жүктөмүнүн чегин класстар боюнча төмөнкү көлөмдө (саат менен) белгилейт:

Класстар	1	2	3	4	5	6	7	8	9	10	11	12
Жумалык окуу жүк-төмү	19	21	23	23	27	29	30	30	30	30	30	30
Окуу жүктө мүнүн чеги	21	23	23	23	29	30	32	33	33	34	34	34

БААЛОО СИСТЕМАСЫ

- **Диагностикалык баалоо** — окуу процессин ыңгайлаштыруу жана андан кийин окуучунун прогрессин баалоо үчүн белгилүү бир чөйрөдөгү компетенттүүлүктүн, билимдин же көндүмдөрдүн өнүгүшүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо үчүн колдонулат. Диагностикалык баалоонун жыйынтыгы сыпаттоо түрүндө катталат, алар жалпыланат жана мугалим үчүн окутуу милдеттерин жана окуучу үчүн окуу милдеттерин коюу аркылуу окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болот.
- **Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** — бул окуу процессин өз убагында оңдоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш берүү аркылуу окуучунун окуу процессине өз убагында колдоо көрсөтүү максатында окуу процессине байкоо жүргүзүүнүн жана маалымат чогултуунун максаттуу үзгүлтүксүз процесси.
- **Суммативдик баалоо** — окутуунун стандарттарынын ченемдерине жана талаптарына окуучулардын билиминин дал келүүсүн, окутуунун пландаштырылган натыйжаларын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо. Суммативдик баалоо системалуу түрдө окуу бөлүмү, темасы, окуу мезгили (чейректик, жарым жылдык, жылдык) аяктагандан кийин жыйынтыктарды аныктоо үчүн класс ичинде жүргүзүлөт. Ошондой эле тышкы экзамендер, жыйынтыктоочу аттестация жана тестирлөө түрүндө өткөрүлөт.

ОКУТУУНУН ДЕҢГЭЭЛДЕРИ (БАСКЫЧТАРЫ) БОЮНЧА БААЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

- **1-3-класстарда белги коюлбаган система колдонулат** – жетишкендиктерди баалоо педагогго окутуунун оптималдуу методикасын тандоого мүмкүндүк берүүчү сапаттык мүнөздөмөлөр түрүндө ишке ашырылат. 3-6-класстарда окуудагы жетишкендиктерге байкоо жүргүзүү, аларды көз карандысыз баалоо изилдөөлөрүнүн натыйжалары менен салыштыруу, ошондой эле билим берүүнүн кийинки деңгээлинде окууга даярдык деңгээлин аныктоо үчүн баллдык система киргизилет.
- Башталгыч жалпы билим берүүнү аяктагандан кийин башталгыч жалпы билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнө тестирлөө жүргүзүлөт. Тестирлөөдө тилдик, окурмандык, математикалык жана табигый-илимий сабаттуулуктары боюнча окутуунун пландаштырылган натыйжаларына ылайык жеке жетишкендиктерди баалоого мүмкүндүк берет. Башталгыч жалпы билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн тесттик жыйынтыктары улуттук деңгээлдеги башталгыч билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн да колдонулат.

ОКУТУУНУН ДЕҢГЭЭЛДЕРИ (БАСКЫЧТАРЫ) БОЮНЧА БААЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ.

- 7-12-класстарда класс ичиндеги баалоо критериалдык, билим берүүнүн натыйжаларына карата прогрессти аныктоого, окутуунун ички мотивациясын стимулдаштырууга, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү талдоо жана өз ара баалоо көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган.
- 8-класста кесипке багыт берүү максатында окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн диагностикалоо жүргүзүлөт, анын натыйжалары предметтер боюнча жыйынтыктоочу белгилерге таасир этпейт.
- 9-классты аяктагандан кийин мамлекеттик Жыйынтыктоочу аттестация билим берүү тармагынын ыйгарым укуктуу органы аныктаган форматта өткөрүлөт.
- 12-классты аяктагандан кийин профилдештирүү багыттарынын форматын жана мазмунун эске алуу менен Жыйынтыктоочу баалоо (экзамендер) жүргүзүлөт. Окутуунун жана бүтүрүү экзамендеринин жыйынтыктоочу баллдары колледждерге жана жогорку окуу жайларга тапшырууда профилдик предметтер боюнча суммалык балл түрүндө эсепке алынат.
- Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына тапшырууну пландаган окуучулар Жалпы республикалык тестирлөө тапшырышат.

11 жылдык мам.стандарт	12 жылдык мам.стагдарт
1. 3 компетенттүүлүк бар	4 компетенттүүлүк бар
2. 1-4 башт.кл 5-9-класс негизги жалпы 10-11-класс орто жалпы	1-6-башт.класс 7-9-класс негизги жалпы 10-11-12-класс орто жалпы
3. 1-2-класстар бааланбайт	1-3-класстар бааланбайт
4	Профилдик окуу киргизилди

МАМЛЕКЕТТИК СТАНДАРТ



«Билим алуунун эмгеги оор, мөмөсү таттуу»

КӨҢҮЛ БУРГАНЫҢЫЗДАРГА ЧОҢ РАХМАТ!

